| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**<br>**УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО КЕНЕША** |

Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын II сессиясы

6-июнь 2021-жыл Уч-Коргон айылы

# ТОКТОМ №2/3

Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2022-2023-2024-жылдарга болжолдуу планын бекитүү жөнүндө

Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысы А.Рахматуллаевдин Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2022-2023-2024-жылдарга киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорун Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2022-2023-2024-жылдарга болжолдуу көлөмүн Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик Кодекси” мыйзамынын негизинде түзүлүп, сунушталып жаткандыгы жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап,Уч-Коргон айылдык кеңешинин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясында каралгандыгын эске алуу менен Уч-Коргон айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Уч-Коргон айыл өкмөттүн 2022-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы 50754,5 миң сомго, 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы 51158,8 миң сомго 2024-жылга кирешелер бөлүгүү 49857,6 миң сом өлчөмүндө №1 тиркемеге ылайык жактырылсын.

2. Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-январына карата калган калдык каражатынан №1 тиркемеге ылайык кошумча бөлүнсүн.

3. Айыл өкмөтүнүн 2021-жылга 49857,6 миң сом болжолдуу бюджети жана 2022-жылдарга 50754,5 миң сом болжолдуу бюджети менен каржылануучу мекеме уюмдардын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн эсеби №2 тиркемелерге ылайык аныкталсын.

4. Айыл өкмөтүнүн экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысы А.Рахматуллаевге бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө тийиштүү тиркемелерди түзүү жагы тапшырылсын.

5. Кадамжай райондук аймактык каржы бөлүмүнөн жогорудагы бюджеттин киреше, чыгаша бөлүгүнүн болжолдуу долбоорун көнүлгө алуу жагы суралсын.

6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Уч-Коргон айылдык кеңешинин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Уч-Коргон айыл кенешинин

төрагасы: Б.Юрсунов